**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН АНЫКТАМАСЫ**

жаран М. Жорокуловдун кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө

Бишкек шаары

2015-жылдын 12-октябры

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын төмөнкү курамы: Ж. И. Саалаев, Ч. О. Осмонова, Ч. А. Айдарбекова, катчы М. Э. Толобалдиевдин катышуусунда жаран М. Жорокуловдун кайрылуусун карап чыгып, төмөнкүлөрдү

**т а п т ы:**

2015-жылдын 11-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына жаран М. Жорокулов «Кыргыз Республикасынын Судьяларын тандоо боюнча кеңеш жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесинин 3-бөлүгүндөгү «Судьялар кеңеши тарабынан көрсөтүлгөн, беш жылдан кем эмес судьялык иш стажы бар судья Кеңештин мүчөсү боло алат», - деген ченемдик жобосу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 95-беренесинин 7-бөлүгүнө каршы келгендиктен конституцилык эмес деп таап берүүнү суранып, өтүнүч менен кайрылган.

Өтүнүчтөн келип чыккандай, «Кыргыз Республикасынын Судьяларын тандоо боюнча кеңеш жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын

6-беренесинин 3-бөлүгүндө каралган судьянын кошумча беш жылдык стажын кайрылуучу дискриминациялык ченем деп эсептейт, анткени бул ченем «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 17-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык келбейт.

Кайрылуучунун айтымында Судьяларды тандоо боюнча кеңешке Жогорку Кеңеш тарабынан шайланган жарандык коомдун өкүлдөрүнө 30 жаш курак жана 5 жылдык иш стаж талап кылынса, ал эми Судьялар кеңеши тарабынан шайлануучу судьялар үчүн аз дегенде 35 жаш курак жана 10 жылдык стаж талап кылынууда. Бирдей эле кызматтык орунга ар башка жаш курактык жана ар башка иш стаждык талап коюлгандыгы укукка жат, эл аралык нормаларга, Кыргыз Республикасынын ички мыйзамдарына карама-каршы келет деп эсептейт.

Негизги мыйзамда тандоо кеңешине судьялар үчүн өзгөчө бир кошумча талап же жаңыдан шайланган судьялардын иш стажына таянуу менен макамын төмөндөтүүчү ченемдер жок. Талаш жаратуучу ченем Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 95-беренесинин 7-бөлүгүнүн чегинен чыгып, «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4-беренесинин 3-бөлүгүнө карама-каршы келип, кошумча дискриминациялык талаптарды камтыгандыктан, аны конституциялык эмес деп таап берүүнү кайрылуучу талап кылган.

Судьялар коллегиясы кайрылууну жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, кайрылуу боюнча «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде текшерүү жүргүзгөн судья Ж. И. Саалаевдин маалыматын угуп, төмөнкүдөй тыянакка келди.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 7-бөлүгүнө ылайык, Конституция тарабынан таанылган укуктар жана эркиндиктер алар тарабынан бузулуп жатат деп эсептелсе ар бир адам

мыйзамдын жана башка ченемдик укук актыларынын конституциялуулугун талашууга укуктуу.

Кайрылуучу М. Жорокулов талашылып жаткан ченем адамдын жана жарандын кайсы конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин бузуп жаткандыгын конкреттүү түрдө көрсөткөн эмес жана коюлган маселе боюнча көзкарашын Конституциянын ченемдерине шилтеме менен укуктук негиздемесин келтирген эмес.

Мындай жагдайларда, судьялар коллегиясы кайрылуучунун көзкарашы укуктук негизделбеген деп эсептейт жана ушул жагдайдын негизинде талашып жаткан мыйзамдын ченеминде күмөндүүлүктүн пайда болуусун таппайт. Ал эми, күмөндүүлүктүн пайда болуусу «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 24-беренесине ылайык, Конституциялык палатада каралуучу иштин негизи болуп эсептелет.

Демек, жаран М. Жорокуловдун кайрылуусу мазмуну жана таризи боюнча «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 24, 25-беренелеринин талаптарына ылайык келбейт, кайрылууда көрсөтүлгөн талаптар Конституциялык палатанын кароосуна караштуу эмес жана аны конституциялык сот өндүрүшүндө кароого негиз жок.

Жогорулардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-пунктун жана 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, судьялар коллегиясы

**а н ы к т а д ы:**

1. Жаран М. Жорокуловдун кайрылуусу өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылсын.

2. Кайрылуу жана ага тиркелген материалдар кайтарылып берилсин.

3. Аныктама Конституциялык палатага даттанылышы мүмкүн.

Судьялар коллегиясы: Саалаев Ж. И.

Осмонова Ч. О.

Айдарбекова Ч. А.

№ 52-о